**М А А Л Ы М А Т**

**03-041-2021-001265 сандуу сотко чейинки өндүрүш иши боюнча**

2021-жылдын 03-июль күнү, интернет булагынын "Фейсбук" социалдык тармагына белгисиз интернет колдонуучу өзүнүн баракчасына видеотасмаларды жүктөп, анда ал 2021-жылдын 2-июль күнү, Ош шаарынын Ак-Тилек кичи шаарчасындагы 12-көчөсүнүн жолуна "Биздин Кыргызстан" саясий партиясы бир нече автоунаа шагыл (щебень) түшүрүп, шайлоочулардын добушун сатып алып жатканы тууралуу билдирген.

Бул материал 2021-жылдын 03-июль күнү, саат 21:09 мүн. Ош ШИИБдин маалыматтарды эсепке алуу журналына 02-041-2021-000905 саны менен катталып, бул факты боюнча тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине **03-041-2021-001265** саны менен катталып, сотко чейинки өндүрүш иши башталган.

Тергөөнүн жүрүшүндө, бул жагдай тууралуу Ош шаарынын Ак-Тилек кичи шаарчасындагы 12-көчөсүндөгү жолго төгүлгөн шагылдарды жайып иштеп жаткан экскаватордун айдоочусу [redacted] суралып, ал 2021-жылдын 3-июль күнү, саат 17.30 чамасында, аны Ош шаарынын Ак-Тилек кичи шаарчасындагы айланпанын жанында турган жеринен өздүгү белгисиз болгон атуул оозеки түрдө сүйлөшүп жалдап алып барганын, ал өзүнүн ишин аткарып иштеп жатканын, ал шагылды ким төккөнүн, кайсыл бир партияга тиешеси бар же жок экенин билбестигин көрсөткөн.

Аталган факты боюнча ал шагылдарды ким, кандай максатта төккөнүн аныктоо менен тийиштүү атуулдарды, ал көчөдө жашаган жашоочуларды, ал видеотасманы тарткан интернет колдонуучусунун өздүгүн аныктап, аларды тергөөгө камсыздоо үчүн Ош ШИИБдин КМК жана ЭММКАКна кызматтарына тергөө тапшырмалары берилген.

Тергөөнүн жүрүшүндө, Актилек кичи шаарчасынын 12-көчөсүнүн 38-үйүнүн тургуну көчө башчысы [redacted] өз көрсөтмөсүндө, 2021-жылдын июнь айынын башында көчөнүн жашоочулары жыйын өткөрүшүп, анда ар бир уйдөн 1000 сом акча каражатын жыйнашып, ал акчаларга канализациянын трубасын, көчөнүн башындагы трубаны жана көчөдөгү чуңкурчаларды түздөөнү сүйлөшкөндүгүн, акча жыйналып канализацияны тазалатып, көчөнүн башындагы трубаны алмаштырышып, 2021-жылдын 3-июль күнү көчөгө шагыл төгүп жатканда, бейтаныш адамдар келип телефонуна видеого тартып "Биздин Кыргызстан" саясий партиясы шагыл төгүп берип жатат деп жалган маалымат таркатышкандыгын билдирген.

Тергөөнүн жүрүшүндө, Актилек кичи шаарчасынын 12-көчөсүнүн 14-үйүнүн тургуну мурда көчө башчысы болуп иштеген [redacted] өз көрсөтмөсүндө, 2021-жылдын июнь айынын башында көчөнүн жашоочулары жыйын өткөрүшүп, анда ар бир уйдөн 1000 сом акча каражатын жыйнашып, ал акчаларга канализациянын трубасын, көчөнүн башындагы трубаны жана көчөдөгү чуңкурчаларды түздөөнү сүйлөшкөндүгүн, акча жыйналып канализацияны тазалатып, көчөнүн башындагы трубаны алмаштырышкандыгын, 2021-жылдын 3-июль күнү эрте менен өзүнүн

таанышы [redacted] камазисттер мене сүйлөшүп көчөсүнө шагыл төктүрүп берүүнү, акчасын төгүп бүткөндө берээрин сурангандыгын, ал шагылды төктүрүп жатканада, бейтаныш адамдар келип телефонуна видеого тартып “Биздин Кыргызстан” саясий партиясы шагыл төгүп берип жатат деп интернетке жалган маалымат таркатышкандыгын билдирген.

Тергөөнүн жүрүшүндө, Актилек кичи шаарчасынын 8-көчөсүнүн 29-үйүнүн тургуну Ош шаарынын №3 Керме-Тоо МАПтын №15-кварталынын жетекчиси [redacted] өз көрсөтмөсүндө, 2021-жылдын 3-июль күнү саат 19:00 чамасында Актилек кичи шаарчасынын 12-көчөсүндө жөө басып баратып, Хово үлгүсүндөгү жүк ташуучу автоунаасы көчөгө шагыл төгүп жатканын көрүп, өзүнүн уюлдук кол телефонуна видеого тартып “Биздин Кыргызстан” саясий партиясы шагыл төгүп берип, добуштарды сатып алып жатат сүйлөп интернетке чыгарып жибергендигин, андан кийин көчө башчысы менен сүйлөшүп, өздөрү акча жыйнап шагыл төктүрүп жаткандыгын билгендигин билдирген.

Азыркы учурда, бул фактыга байланыштуу тийиштүү тергөө иштери жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы менен Кыргыз Республикасынын ЖПКнин негизинде чечим кабыл алынып, жыйынтыгы тууралуу кошумча маалымат беребиз.

**КР ИИМдин Тергөө кызматы**